| | | |
|---|---|---|
| **КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ<br>ЫСЫК-КӨЛ ОБЛУСУ<br>ТОҢ РАЙОНУ<br>АК-ТЕРЕК АЙЫЛ<br>АЙМАГЫНЫН ЖЕРГИЛИКТҮҮ<br>КЕҢЕШИ** | | **КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА<br>ИССЫК-КУЛЬСКАЯ ОБЛАСТЬ<br>ТОНСКИЙ РАЙОН<br>МЕСТНЫЙ КЕНЕШ<br>АЙЫЛНОГО АЙМАКА<br>АК-ТЕРЕК** |

**Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин**
**VIII чакырылышынын IV кезексиз сессиясы**

# ТОКТОМ

2025-жылдын 10-марты №49 Кара-Коо айылы

**Ак-Терек айыл аймагынын мал башына алынуучу жайыт акысынын тарифтери, сырттан эрте көчүп келген чабандарга (штраф) айып пулдун суммасы, чабандарга төлөнүүчү мал акылары жана көчүп келүү, көчүп кетүү убактысы жөнүндө**

Ак-Терек айыл аймагынын мал башына алынуучу жайыт акысынын тарифтери, сырттан эрте көчүп келген чабандарга (штраф) айып пулдун суммасы, чабандарга төлөнүүчү мал акылары жана көчүп келүү, көчүп кетүү убактысын бекитүү боюнча Ак-Терек айыл аймагынын айыл өкмөтүнүн башчысы Зарнаев Жыргалбек Жакшылыковичдин билдирүүсү угулуп, талкууланып, Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңеши **токтом кылат:**

1. Ак-Терек айыл аймагынын малчыларга мал кошуунун баалары төмөндөгүдөй болуп бекитилсин:
- Жакынкы жайытка кой – 80 (сексен) сом;
- Жакынкы жайытка бодо мал – 500 (беш жүз) сом;
- Сырткы жайытка кой – 80 (сексен) сом;
- Сырткы жайытка бодо мал – 500 (беш жүз) сом;
- Жакынкы жайытка эчки – 100 (жүз) сом;
- Сырткы жайытка эчки – 100 (жүз) сом.

2. Ак-Терек айыл аймагынын жакынкы жайытка көчүп кетүү күнү 1-июнь жана жакынкы жайытка көчүп келүү күнү 10-сентябрь белгиленсин.

3. Ак-Терек айыл аймагынын алыскы жайытка көчүп кетүү күнү 10-июнь жана алыскы жайытка көчүп келүү күнү 20-сентябрь белгиленсин.

4. Ак-Терек айыл аймагындагы сырттан эрте көчүп келген чабандарга (штраф) айып пулдун суммасы 50 000 (элүү миң) сом болуп белгиленсин.

5. Бул токтомдун аткарылышын камсыз кылуу жагы Ак-Терек айыл аймагынын "Ак-Эмгек-Тазалык" муниципалдык ишканасынын башчысы М.Айтказы уулуна милдеттендирилсин.

6. Бул токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө жагы Ак-Терек айыл аймагынын жергиликтүү кеңешинин бюджет, экономика, инвестиция, тышкы байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрайымы Т.Ормуковага тапшырылсын.

**Төрага** **С. Эркинбек уулу**